**Ажиматова Элмира Жумабаевнанын «Педагогикалык колледжде болочок башталгыч класстын мугалимдерине кесиптик математика курсун окутууну өркүндөтүү» 13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине илимий жетекчиси п.и.д., профессор К.М.Торогельдиеванын**

# ПИКИРИ

Педагогикалык колледжде болочок башталгыч класстардын мугалимдерине математикалык билим, билгичтик жана көндүмдөрдү гана эмес, ошондой эле атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жана оптималдуу натыйжага жетишүүнүн социалдык педагогикалык зарылдыгынын шартында стандарттуу эмес ой жүгүрткөн чыгармачыл, инновациялык кесиптик ишмердүүлүккө компетенттүү инсанды калыптандыруу милдети коюлган. Бул окуу процессин уюштуруу үчүн жаңы ыкмаларды издеп, окутуунун мазмунун, формаларын, методдорун өркүндөтүп, студенттердин окутуудагы активдүүлүгүнүн принцибин ишке ашырууну талап кылат.

Ошондуктан, педагогикалык колледждин болочок башталгыч класстын мугалимдерине кесиптик математика курсун окутууну өркүндөтүү маселесин көз жаздымда калтырууга мүмкүн эмес. Себеби болочок башталгыч класстын мугалиминин кесиптик ишмердүүлүгүндө математика негизги орунда турары талашсыз. Учурда педагогикалык колледждерде болочок башталгыч класстын мугалимдерине кесиптик математикага окутуунун толук методикалык системасы жана анын негизги компоненттери жеткиликтүү иштелип чыккан эмес. Ошол себептен, кесиптик математика курсун окутуу натыйжалуу болбой, студенттер курстун мазмунун толук өздөштүрө албай келишет.

Диссертант тарабынан изилдөөнүн темасына ылайык педагогикалык колледжде болочок башталгыч класстардын мугалимдерине кесиптик математика курсун окутууну өркүндөтүүгө багытталган методиканы иштеп чыгуу жана аны окуу процессине киргизүү анын натыйжалуулугун педагогикалык эксперименттин жардамында текшерүү максаты коюлган.

Диссертациялык изилдөөнүн алдына коюлган максатына жана божомолуна ылайык коюлган милдеттер толугу чечилип, төмөндөгү иштер аткарылган:

- педагогикалык колледждин болочок башталгыч класстын мугалимдерине кесиптик математика курсун окутуунун учурдагы абалы талданып, анын негизинде аталган курсту окутууну өркүндөтүү зарылчылыгы аныкталган;
- коюлган проблема боюнча психологиялык, педагогикалык, методикалык адабияттарга талдоо жүргүзүлүп, болочок башталгыч класстын мугалимдерине кесиптик математика курсун окутууну өркүндөтүүнүн дидактикалык шарттары иштелип чыккан;

- өркүндөтүүнүн дидактикалык шарттарынын негизинде болочок башталгыч класстын мугалимдерине кесиптик математика курсун окутууну өркүндөтүү методикасы иштелип чыккан;
- педагогикалык колледждин болочок башталгыч класстын мугалимдерине кесиптик математика курсун окутууну өркүндөтүү методикасынын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталган жана жыйынтыгы жалпыланган.

Педагогикалык колледжде кесиптик математика курсун иштелип чыккан методиканын негизинде окутса болочок башталгыч класстардын мугалимдеринин математикалык билим маданиятынын негизи түптөлүп, математикалык компетенттүүлүгүнүн сапаты жогорулайт деген тыянак чыгарылган.

Педагогикалык колледжде окулуучу дисциплиналарды иштелип чыккан методиканын негизинде окутса, ал башка дисциплиналар боюнча окутуунун методикасын иштеп чыгууга негиз боло алат.

Изилдөө ишин жүргүзүүдө диссертант көптөгөн адабияттар менен иштөө менен өзүнүн илимий иштөөгө жөндөмдүүлүгүн көрсөттү.

Педагогикалык колледждерде болочок башталгыч класстын мугалимдерине кесиптик математика курсун окутууну өркүндөтүүнүн методикасы боюнча эксперименттер жүргүзүлүп, натыйжалуу жыйынтыктар алынып, коюлган божомолдун тууралыгы тастыкталды.

Ажиматова Элмира Жумабаевнанын «Педагогикалык колледжде болочок башталгыч класстын мугалимдерине кесиптик математика курсун окутууну өркүндөтүү» 13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши актуалдуу, өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп саналат жана кандидаттык диссертацияларга коюлуучу тиешелүү талаптарга жооп берет. Жактоого сунушталат.

Илимий жетекчи
п.и.д, профессор К.М.Торогельдиева

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
Арабаев атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ